КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ КЕҢ-АРАЛ
АЙЫЛДЫК
АЙМАКТЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
КЕН-АРАЛЬСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ
АЙМАКСКИЙ КЕНЕШ

# ТОКТОМ

**2023-жылдын 20-ноябры № 1** **Кең-Арал айылы**

## Айыл жергесиндеги малдардын жайылышына чектөө коюу жана айып пул салуу жөнүндө

Кең-Арал айыл аймагында малдардын жайылышына чектөө коюу жана айып пул салуу боюнча Кең-Арал айылынын жарандарынын ооз эки кайрылуусун угуп, талкуулап депутаттардын Кең-Арал айылдык кенешинин VIII чакырылышынын кезексиз 20-сессиясы **токтом кылат:**

1.Кең-Арал айыл аймагына тиешелүү болгон айдоо жерлерге жердин ээсинин уруксаты жок жыл бою мал жайганга тыюу салынсын.

2.Кең-Арал айылына тиешелүү болгон айдоо жана жайыт жерлердеги айыл чарба өсүмдүктөрү, жашылча-жемиштер, көп жылдык алма, бак-дарактарга жана чөп, арпа, буудайларга кирип кеткен бодо малга (ири мүйүздүү, жылкылар) ар бир башына 1000(миң) сомдон, кой-эчкиге ар бир башына 50(элүү) сомдон, үй канаттууларына 30(отуз) сомдон же болбосо келтирилген зыянга карата айып пул салынсын.

3.Келтирилген чыгымды тактоо жагы айыл өкмөтүндөгү атайын түзүлгөн комиссиясына жүктөлсүн (фото, видео тасма ж.б.у.с).

4.Комиссиянын жыйынтыгы менен чыгарылган чечимдер Аксакалдар сотунун кароосуна мыйзам чегинде чечим чыгаруу үчүн сунушталсын.

5.Токтомду аткаруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Ч.Алымкуловго милдеттендирилсин.

**Төрага** **Б.Токонов**